КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXV сессиясы**

**Токтом № 167**

Сүлүктү шаары

22-апрель 2024-ж.

**Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинде шагал төшөөгө каралган 2000 000 сом акча каражатынын ичинен 1000 000 сом акча каражатынын максаттык багытын борбордук көчөлөрдүн автожолдорунун чуңкурларын жамоо үчүн өзгөртүп бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 18.04.2024ж. №01-7/881 сандагы Сүлүктү шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинде шагал төшөөгө каралган 2000 000 сом акча каражатынын ичинен 1000 000 сом акча каражатынын максаттык багытын борбордук көчөлөрдүн автожолдорунун чуңкурларын жамоо үчүн өзгөртүп бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34 беренелеринин негизинде шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинде шагал төшөөгө каралган 2000 000 сом акча каражатынын ичинен 1000 000 сом акча каражатынын максаттык багытын борбордук көчөлөрдүн автожолдорунун чуңкурларын жамоо үчүн өзгөртүп бөлүп берүүгө макулдук берилсин
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: М.А.Кутбидинов